Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.20.616 диссертациялык кеңештин эксперти филологиялык **илимдердин кандидаты, доцент Куттугалы Ибраимовдун** 10.01.01-кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Сагындык кызы Жанардын "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" деген темадагы диссертациясына берген

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт, филологиялык илимдердин кандидаты, доцент К.Ибраимов, изденүүчү тарабынан берилген "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" деген темада жазган диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 10.01.01-кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү төкмөлүк өнөрдөгү салттуулук жана индивидуалдык чеберчилик проблемасына изилдөө жүргүзүлөт.

2. **Иштин максаты** – Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылык портретин жаратуу: акындын чыгармачылыгында салттуулуктун улантылышы, жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн белгилөө, чыгармаларынын идеялык-тематикалык, сюжеттик-композициялык, көркөм-поэтикалык бөтөнчөлүктөрүн, маани-маңызын ачып берүү.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Алымкул Үсөнбаевдин өмүр жолу жана чыгармачылыгынын изилдениш абалына обзор берүү;

2. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларын жалпы акындар чыгармачылыгынын контекстинде талдоого алып, төкмөлүк өнөрдө калыптанган салттуулуктардын уланмалуулугун, башка акындардан айырмаланган жекелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

3. Кенже эпосторду айтуудагы өздүк варианттарын илимий анализге алуу жана жөө жомокторду трансформациялоодогу ийгиликтерин көрсөтүү;



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 183/06
« 3 » 03 2022 г.

4. Акындын чыгармаларындагы доордун көркөм сүрөттөлүшүн белгилөө;

5. Чыгармаларынын идеялык багытын, тематикалык, жанрдык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

6. Акындын айтыш өнөрүндөгү бөтөнчөлүктөрүн ачуу;

7. Акындын чыгармаларынын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

8. Учурдун талабына жараша илимий жол менен буга чейинки айтылган ой-пикирлерге көз карашыбызды айтуу, тактоо, өз аргументибизди ортого салуу" – дейт. (Автореферат, 5-бет)

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине дал келүүсү**:

Алдыга коюлган максат-милдеттерди ишке ашыруу максатында темага тиешеси бар материалдарды (акындын жарык көргөн чыгармаларын, илимий эмгектер менен илимий макалаларды, кол жазмалар менен архивдик материалдарды ж.б.) толук пайдалана алган. Изилдөө объектиси диссертациянын максат-милдеттерине шайкеш келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изилдөө методдору коюлган милдетти жүзөгө ашырууга толук ылайык келет, салыштырма-типологиялык методду колдонуу менен А.Үсөнбаевдин чыгармаларын акындык чыгармачылыктын жалпы контекстинде талдоо менен анын жеке чыгармачылык чеберчилигине басым жасайт, аткаруучулук өнөрү, чыгармаларынын идеялык-тематикалык багыты, көркөм-поэтикалык наркы, жалпы эле төкмөлүк өнөрдүн табияты жөнүндө ишенимдүү жыйынтыктарды чыгарууга аракеттенген. Иштин акырындагы "тиркемелер" да өзүнчө мааниге ээ.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугугунда** талаш жок. Анткени, белгилүү төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын алгач ирет ар тараптан терең изилдөө максатын көздөп, диссертациялык деңгээлде илимий талдоо жүргүзүлүп жатат. Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана мезгил талабына ылайык өз убактысында бүткөрүлгөн иш деп жыйынтык чыгарса болот.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын ализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант темага байланыштуу илимий жана көркөм адабияттарды жетиштүү деңгээлде пайдаланган. Өзүнө чейин айтылган пикирлерге, түркүн маалыматтарга, жарык көргөн эмгектерге сын көз караш мамиле жасап, өз концепциясын сунуштайт.

**3.Илимий натыйжалар**: Иште филология илимдеринин өнүгүшү үчүн маанилүү болгон, илимий жактан негизделген теориялык практикалык натыйжалар бар:

3.1. Төкмө акындардын ири өкүлү Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы, андагы салттуулук жана жеке чыгармачылык процесс алгач ирет кеңири планда илимий изилдөөгө алынып жатат.

3.2. Илимий натыйжа, жыйынтыктар топтолгон ишенимдүү факт-материалдардын жана аргументтүү илимий-теориялык талдоолор аркылуу тастыкталган.

3.3. Диссретациялык иш акындар поэзиясы, төкмөлүк өнөр жаатындагы илимий-теориялык көз караштарды өркүндөтүүгө, андагы проблематикалык маселелерди чечүүгө көмөктөшөт.

3.4. Изилдөө иши квалификациялык белгилерге туура келет.

4. **Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу:** Кандидаттык диссертациянын илимий натыйжалары баарыдан мурда билим берүү тармагында окутулуп келаткан Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын терең өздөштүрүүгө, орто жана жогорку окуу жайларында акындар чыгармачылыгын, кыргыз фольклорун окутууда, окуу куралдарын жазып, жыйнактарды түзүүдө, курстук жана дипломдук иштерди жазууда пайдаланылат.

**Диссертациянын мазмуну изденүүчүнүн төмөнкү макалаларынан орун алган:**

1. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Тил, адабият жана искусство маселелери. Атайын чыгарылыш, Бишкек, – 2018. – 144-148-б.
2. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуу темалар [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №1 Бишкек, – 2018. – 166-170-б.
3. Сагындык кызы Ж. Акындык өнөрдөгү салттуулуктар жана акындын чыгармачылыгынын калыптанышы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2018. – 93-102-б.
4. Сагындык кызы Ж. Алымкул Үсөнбаевдин алгачкы айтыштары [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES. - №3 Бишкек, – 2020. – 232-238-б.

5. Сагындык кызы Ж. А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2020. – 262-269-б

6. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жана советтик идеология [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 239-243-б.

7. Сагындык кызы Ж. Акын А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын жарыкка чыгышы жана изилдениш тарыхы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 256-260-б.

8. Сагындык кызы Ж. "Кедейкан" эпосу Алымкул Үсөнбаевдин в ариантында [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021. – 178-180-б.

9. Сагындык кызы Ж. "Олжобай менен Кишимжан" Алымкул Үсөнбаевдин вариантында[Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021.– 180-183-б.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Кыргыз жана орус тилдеринде жазылган автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максат-милдеттерине дал келет.

6. **Диссертациялык иште өтө олуттуу болбосо да айрым мүчүлүштүктөр бар:**

- сейрек болсо да орфография-грамматикалык, техникалык каталар бар, адабияттардын тизмесинде библиографиялык сыпаттама берүүнүн эрежелери, тартиби сакталган эмес;
- тактоону талап кылгандыктан белги коюп, кийинкиге калтырып кеткен учурлар бар (71, 141, 142, 148-беттер);
- акындын уулу төкмө акын Замирбек Үсөнбаев менен илимий-чыгармачылык байланыш түзүү ашыкча болбойт эле.
- баптардын аталышы көп жакшы эмес, маселен, 3-бапты "АҮсөнбаевдин чыгармаларынын жанрдык-тематикалык, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү" десе туура болмок.

7. **Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо тууралуу сунуштун негиздүүлүгү**.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 – кыргыз адабияты,

10.01.09-фольклористика адистиги боюнча илимий адистери бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик иниверситетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы сунуш кылынат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: “Манас” эпосундагы тулпардын көркөм образы жана сыпаттоо ыкмалары (Поэтика). – Бишкек: Шам, 1995. – 125 б.; “Манас” эпосундагы тулпардын көркөм образы /толукталган басма окуу китеп/. – Бишкек: Сорос-Кыргызстан, 1996. – 115 б.; “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” /Шаабай Азизовдун варианты боюнча/. – Бишкек: 2014. 425; 625; 189 б.; Манастаануу курстук лекциялар. – Бишкек: Кут Бер, 2014. – 228 б.; Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу: филол. илим. д-ру ... дис. / – Бишкек, 2014. – 309 б.; “Манас” кыргыз элинин баатырдык эпосу (тезис). – Бишкек: Принт Экспресс, 2017. – 118 б.; “Семетей” кыргыз элинин баатырдык эпосу (тезис). – Бишкек: Принт Экспресс, 2019. – 135 б.; филология илимдеринин доктору **Орозобекова Жылдыз Калмашевнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.09) сунуш кылат.

**Экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз казалы жана чыгыш газели [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №18, – Бишкек, 2011, – 262-269-б.; Молдо Багыштын чыгармачылыгы [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №19, – Бишкек, 2011, – 116-119-б.; Тоголок Молдонун “Жер жана анын балдары” чыгармасы жана чыгыш Муназареси [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №19, – Бишкек, 2012, – 116-119-б.; Жазгыч акындардын чыгармачылыгы: Нур Молдо [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №2 Бишкек, – 2016. – 98-103-б.; филология илимдеринин кандидаты **Казакова Нурзат** сунуш кылынат.

**8. Сунуштамалар:** Диссертацияны басмага даярдап, монографиялык эмгек түрүндө жарыкка чыгарууга болот.

**9. Корутунду.** Аталган диссертациялык иш бардык жагынан алып караганда Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү Жобосуна ылайык аткарылган.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К.Карасаев атындагы

Бишкек мамлекеттик университетине караштуу докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешине **Сагындык кызы Жанардын** 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 – фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери”** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт, филология илимдеринни кандидаты,**
**доцент** **Ибраимов К.И.**

28.01.22

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктайм*

**Д 10.20.616 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**

**филология илимдеринин кандидаты** **Н. Т. Ыйсаева**